**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ИНДУСТРИАЛДЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК КОЛЛЕДЖИ**

**Гуманитардык- педагогикалык бөлүм**

ГП бөлүмдүн 2022-жылдын
“___”__________болуп өткөн
№___отурумунда бекитилген.
ГП бөлүм башчысы, т.и.к.
Г.А. Анарбаева ________

050709 – “Башталгыч класстарда окутуу” адистигинин 2-3- курста окуган студенттерди педагогикалык практикадан өткөрүүгө карата түзүлгөн

# ЖУМУШЧУ ПРОГРАММА

Мамырова Айнура Юсуповна тарабынан иштелип чыкты.

Ош шаары

## ЖАЛПЫ БӨЛҮМ

Бул педагогикалык практика боюнча жумушчу программа

050709 – "Башталгыч класстарда окутуу" педагогикалык багьггтагы адистиктердин мамлекеттик билим берүү стандартында каралган жана адистиктин НКББПда коюлган талаптарга ылайык түзүлдү.

Педагогикалык практика - окутуунун бардык формаларында окуу жараянынын негизги бөлүгү болуп эсептелет. Педагогикалык практика мамлекеттик стандарттын талаптарына ылайык (11 базасында) окуу процессинин III, IV семестрде; (9 базасында) V, V I семестрде 4-5 жума мөөнөтүндө өтүлөт.

Педагогикалык практика - практикага чейинки убакытта окулган: "Педагогика", "Психология", "Класс жетекчинин усулдук ишмердиктери" ж.б. методикалык дисциплиналар боюнча студенттердин алган теориялык билимдерине негизделет.

Педагогикалык практиканын жыйынтыгында студенттер практикадан кийин окутуулуучу методикалык дисциплиналардын окуу-материалдарын өздөштүрүүгө жөндөмдүүлүгү артат.

Студенттердин педагогикалык практикасынын базасы болуп: негизинен ИПК менен эки тараптуу келишим түзгөн (16 мектеп,6 балдар бакчасы) билим берүү мекемелери эсептелет.

Мектептик практика — бул баарынан мурда болочок педагогдорго окуучуларды окутуу жана тарбиялоо тажрыйбасына ээ кылдыруу жана чыныгы педагогикалык ишмердүүлүктү сезе жана түшүнө билдирүү болуп саналат. Ал мугалимдерди даярдоонун педагогикалык обьектиси, ошондой эле бир мезгилде педагогикальпс ишти таанып жана сезе билүү каражаты дегендик болот. Башкача айтканда, алар мектепте практикада жүргөндө педагогдук ишмердүүлгүк жөнүндө кеңири түшүнүк ала башташат, педагогдук ишти көп кырдуу түзүлүштөрүн таанып билишет жана ошолорго калыптанууну үйрөнүшөт.

## КЕСИПТИК-БАЗАЛЫК ПЕДАГОГИКАЛЫК ПРАКТИКАНЫН МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

**Педагогикалык практиканы жалпы максаты**-болочок мугалимдин окуу жайында теориялык жактан алган кесиптик жана адистик билимдерин практикада бышыктоо жана анын кесиптик-педагогикалык багытын калыптандыруу.

**Педагогикалык практиканын негизги милдеттери төмөнкүлөр:**
Студенттердин педагогика, психология жана окутуунун усулдары дисциплиналары боюнча алган теориялык билимдерин практика жүзүндө бышыкташат;
-психология жана башка гуманитардык илимдер боюнча алган билимин практика менен байланыштыра билүүгө көнүгүшөт;
-болочок адистер окуутуу-тарбиялоо иштерин жүргүзүүгө үйрөнүшөт;
-педагогикалык кесиптин түрдүү жактары менен таанышышат;
- кесибин сүйүүгө тарбияланышат, кызыгуусу артат;
-окуу-тарбия мекемелери, алардын түзүлүшү, коллективи, азыркы учурдагы иштери, абалы сыяктуу проблемалар менен таанышышат;
-педагогикалык усулдун алдыңкы тажрыйбаларын өздөштүрүшөт;
-практика мезгилинде студенттерди окуу-тарбия мекемелеринин жүргүзүп жаткан иш чараларына жардам беришет;
-студент- практиканттар окуучулардын курактык жана жеке психологиялык өзгөчөлүгүнө жараша мамиле жасоого үйрөнүшөт;
-педагогдук ишмердүүлүккө чыгармачылык менен мамиле жасоого, усулдук илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүгө, өз билимин өркүндөтө билүүгө тарбияланышат. тудент - практиканттардын колледжте алган теориялык билимдерин педагогикалык ишмердүүлүк процессинде кеңири колдонуу, аларды билим берүү мекемелеринде тереңдетүү жана бекемдөө;
Келечектеги мугалимди жана адисти азыркы коомдун талаптарына
жооп берген профессионалдык сапаттарга ээ кылуу;
Ишмердүүлүк практикасына студент - практиканттардын түздөн- түз
катышы, окуу тарбия иштерин ишенимдүү аткаруу, окуу жана тарбия
методикасын өздөштүрүү үчүн зарыл профессионалдык билгичтиктин
жана көндүмдөрдүн калыптанышы;
Келечектеги кесибинин коомдук мүнөзүн, социалдык мааниси боюнча
түшүнүктөрүн кенейтүү жана кызыгуусун арттыруу;
Алдыда өтүлө турган дицсиплиналарга тиешелүү маалыматтар менен
таанушуу аларды колдонуу жөндөмдүүлүгүнө ээ болуу;
Эмгек жамааты менен иштөөнү үйрөнүү;
Студенттин практикадан өтүүсү, ишканалар менен алдын ала түзүлгөн
келишимдин негизинде жана келишимсиз (өтүнүч каттын негизинде) да иш
жүзүнө ашырылат.

**Кесиптик-базалык педагогикалык практиканын максаты жана күтүлүүчү натыйжалары**

- Теорияда алган билимдерин практика менен айкалыштыруу;

- Студенттерге кесиптик билим берүүнүн сапатын жогорулатуу;
- Базалык билим берүү мекемелериндеги окуу-тарбия иштеринин абалы жана андагы алдыңкы педагогикалык тажрыйба менен студент-практиканттарды тааныштыруу;
- Студент — практиканттардын окуучуларды тарбиялоо багытындагы милдеттерди аткарууга активдүү катыштыруу;
- Студент - практиканттардын окуучулар менен карым-катышын жана пикир алышуусун уюштуруу, алардын жеке жана курактык өзгөчөлүктөрүн билүү боюнча өз алдынча практикалык ишти аткаруу көндүмдөрүн калыптандыруу.

## ПЕДАГОГИКАЛЫК ПРАКТИКАНЫН ӨТӨП БҮТКӨНДӨН КИЙИН СТУДЕНТТЕРДЕ КАЛЫПТАНУУЧУ КОМПЕТЕНЦИЯЛАР:

| **Күтүлүүчү натыйжалар** | **Компетенциялардын мазмуну** |
|---|---|
| **ОН-2**<br>Кесиптик ишмердигинде башталгыч билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартын жетекчиликке алуу менен окутуу жана тарбиялоо процессин жүзөгө ашыра алат. | Жеке ишмердигин уюштуруу, кесиптик маселелерди чечүүнүн методдорун аныктоо, алардын натыйжалуулугун жана сапатын баалоо. **(ЖК -1);**<br>Кесиптик ишмердигинде ИКТны пайдалануу. **(ЖК -4);**<br>Чакан коллективди уюштуруу жана аны башкаруу иштерине даяр болуу, баарлашууга даярдыгын күчтүү, активдүү жарандык позицияда болуу. **(ЖК -8);**<br>Мамлекеттик жана расмий тилдерде өзүнүн ооseки жана жаsма кептерин логикалык туура, негиsдүү жана түшүнүктүү түшүнүү жөндөмдүүлүгү **(ЖК -9);**<br>Башталгыч билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартын, предметтик стандарттарды, алардын концепцияларын билүү жана предметтерди окутуу боюнча документтерди түзүү **(ККК -1)**<br>Сабакты уюштуруу жана өткөрүү. Окуу процессин жана окутуунун натыйжаларын баалоо, аларга педагогикалык көзөмөл жүргүзүү. Сабакты талдоо. Окутуунун жаңы методдорун жана технологияларын<br>колдонуу. **(КК-2);**<br>Класстан тышкаркы иштердин максатын жана милдеттерин аныктоо,<br>аларды пландоо**. (КК-9);**<br>Окуучулардын ишмердигинин процессин жана анын натыйжаларын |

| | |
|---|---|
| | талдоо. **(КК-10);**<br>Окуу-методикалык жана башка укуктук-нормативдик документтер менен иштiђ. Билим берүү стандартынын жана окуу программалардын негизинде окуу-методикалык комплектилерди тандоо, окуу-<br>методикалык материалдарды (окуу-тематикалык пландар) иштеп чыгуу. **(КК-13);** |
| **ОН3**-<br>Окуучулардын сабактан тышкаркы ишмердигин уюштурат жана алар менен ар түрдүү багытта баарлашууга даяр. | Өнүгүүсү үчүн зарыл болгон маалыматтарды издене билүү, аларды чечмелөө жана пайдалануу. (ЖК -3);<br>Командада иштеше билүү, кесиптештери, жетекчилик, кардарлар, окуучулар жана социалдык өнөктөштөр менен натыйжалуу тил табыша<br>билүү. **(ЖК -5);**<br>Сабактан тышкаркы ишмердиктердин жана баарлашуунун максатын<br>жана милдеттерин аныктоо, сабактан тышкаркы иштерди пландоо. **(КК-5)**<br>Класстан жана мектептен тышкаркы иштерди уюштуруу жана өткөрүү. **(КК-6)**<br>Окуучулардын сабактан тышкаркы ишмердигинин процессин жана<br>натыйжаларын баалоо жана талдоо, аларга педагогикалык көзөмөл жүргүзүү. **(КК-7)**<br>Окуучулардын сабактан тышкаркы ишмердигин жана баарлашуусун<br>уюштурууну камсыздоочу документтерди түзүү **(КК-8)** |
| **ОН4**-Башталгыч мектептерде класс жетекчилик милдетти аткарат жана социалдык өнөктөштөр (кызыкдар тараптар, коомчулук ж.б.) менен иштей алат. | Стандарттык эмес кырдаалдарда чечимдерди кабыл алуу жана көйгөйлөрдү чечүү, демилге көтөрүү жана жоопкерчилик алуу. **(ЖК -2);**<br>Команданын мүчөлөрүнүн иштери, аларды жумушчу орундарында окутуу жана тапшырмаларды аткаруунун жыйынтыгы үчүн жоопкерчиликти өзүнө алуу; **(ЖК -6);**<br>Сабактын максаттарын жана милдеттерин аныктоо, аны пландоо. **(КК-1)** |

| | |
|---|---|
| | Класстан тышкаркы иш чараларды өткөрүү процессин жана анын натыйжаларын талдоо. Ата-энелер менен иштөөнүн натыйжаларын<br>талдоо. **(КК-11)**<br>Билим берүү уюмдарынын кызматкерлеринин ишмердигин жөнгөрүү.<br>Окутуу жана тарбиялоо маселелерин чечүүдө окуучулардын ата- энелери менен өз ара кызматташууну камсыздоо. **(КК-12)** |
| **ОН5**- Билим берүү процессин методикалык жактан өз алдынча жана ар тараптуу камсыздай алат. | Кабинетте предметтик өнүгүү чөйрөсүн түзүү. **(КК-14)**<br>Өзүнүн жана башка педагогдордун ишмердиктерин талдоонун, кесиптик адабияттарды үйрөнүн, өзүн-өsү талдоонун жана башка педагогдордун ишмердиктерин талдоонун негиsинде башталгыч билим<br>берүү тармагында педагогикалык тажрыйбаларды жана билим берүү технологияларын системалоо жана баалоо. **(КК-15)**<br>Педагогикалык иштелмелерди отчеттор, рефераттар, баяндамалар түрүндө даярдоо. **(КК-16)** |

**Педагогикалык практикадан кийинки күтүлүүчү натыйжа:**

- Мектептен жана класстан тышкаркы тарбиялык иштердин ар түрдүү формаларын байкоого жана анализдөөгө;

-класстагы окуучулардын жаш жана жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен тарбиялоонун милдеттерин аныктоого жана пландаштырууга;

-алдыдагы милдеттерди аткарууга окуучулар коллективинин уюштуруу (иштин жыйынтыгын чыгаруу, тарбиялоонун методдорун жана ыктарын эффективдүү тандоо жана пайдалануу);

-класс шартында окуучунун мүнөзүн үйрөнүү;

-класстан тышкаркы тарбиялык иштерди үйрөнүү (аңгемелешүү, класстык саат, майрам тосуу, класстык чогулуш, кино-театр, китеп, туулган күн, ар түрдүү жумалыктар ж.б.);

-окуучулардын коомдук пайдалуу жана өндүрүштүк эмгегин уюштуруу;

-мектепте окуучулардын спорттук ден соолукту чыңоочу, эс алуучу иштерин уюштуруу;

-балдардын, өспүрүмдөрдүн, жаштардын уюмдарынын иштери менен таанышуу;

-келечектеги кесипке байланышкан мектептеги ар түрдүү окуу-тарбиялык иштерге катышуу.

-предмет боюнча сабакты пландаштырууга, класска тарбиялык иш план түзүүгө жана аны өткөрүүгө;

-сабак өтүүнүн эң эффективдүү формаларын, методдорун жана ыктарын тандоого;

-окуу китептери, усулдук адабияттар менен иштей билүүгө;

-окутуунун техникалык каражаттарын, дидактикалык материалдарды, көргөзмө куралдарды, колдоно билүүгө;

-коомдук пайдалуу жана маданий массалык иштерди уюштурууга;

-сабактын план конспектисин, класстан тышкаркы тарбиялык иштердин сценарийлерин түзүүгө;

-сабакка керектүү көргөзмө куралдарды, дидактикалык материалдарды даярдоого;

-кенже мектеп жашындагы балдардын дене жана психологиялык жактан өнүгүүсүн эске алуу менен тарбиялоонун усулдарын жана ыктарын тандоого, колдонууга;

-окуучулардын техникалык чыгармачылыгын өнүктүрүү боюнча иштерди уюштурууга, кесипке багыт берүүгө саясий кругозорун өстүрүүгө;

-башталгыч класстын мугалиминин тарбиялык иш планы боюнча өз алдынча тарбиялык саат өтүүгө;

-педагогикалык  практикада өткөн сабак, класстан тышкаркы тарбиялык иштер класс мугалими, методист, практиканттар менен биргеликте анализделет жана сабак өткөн практикантка баа коюлат.

## ПЕДАГОГИКАЛЫК ПРАКТИКАНЫН ТЕМАТИКАЛЫК ПЛАНЫ

| № | Темалардын аталышы | Тапшырмалар | Күнү | Сааты | Балл |
|---|---|---|---|---|---|

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | **Класс жетекчинин иш пландары менен иш алып баруу. (**Ар бир жумага 1ден теманы пландаштырылат. **Пед.окуу практикага** 4 тема, **мамлекеттик-педагогикалык** практикага 5 тема коюлат) | 1.Жылдык пландын максаты эмне жана кандай багыттар боюнча түзүлгөн?<br>2.Жылдык пландын окуу-методикалык (педагогикалык) процессти уюштуруу бөлүгүндө кандай темалар камтылган, убактысы жана жооптуулар кантип бөлүштүрүлгөн?<br>3.Жылдык планды кимдер иштеп чыгат жана аткарылышын кимдер көзөмөлдөйт?<br>4.Жылдык пландан практика өтөө мөөнөтүндөгү даталуу күндөргө карата белгиленген иш чараларды бөлүп жазгыла. М:23-сентябрь Мамлекеттик тил күнү.<br>1.Класс жетекчинин иш кагаздарын тизмелегие;<br>2.Класс жетекчинин перспективалык, айлык, календардык иш планын окуп чыккыла жана ар бирине мүнөздөмө бергиле.<br>3.Класс жетекчинин сентябрь айына түзүлгөн иш планы боюнча сабактардын жадыбалын өзүңөргө белгилегиле;<br>4.Сабактардан сырткаркы иштерди пландаштырууга көңүл бургула жана жазып алгыла;<br>5.Ата-энелер менен иштөө боюнча кандай иштер пландаштырылган, маани бергиле; | 2 | 18 | **10** |
| 2. | **Окуу процесси.** Предметтердин жумалык жүктөмүнө жараша темаларга бөлүнүп коюлат. М: математика ар бир жумага 5 темадан | Класста өтүлө турган сабактар боюнча план-иштелмелерди жазуу Практика мезгилинде студент-практиканттар:<br>1. Адабий окуу – 4 саат<br>2. Кыргыз тили - 3<br>3. Математика - 5 | 18 | 180 | 18 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | коюп, 4 жумага 20 тема берилет.(пед. окуу практикада) Мам.пр-да 25 тема болот. | 4. Мен жана дүйнө - 2<br>5. Көркөм өнөр - 2<br>6. Дене тарбия -2<br>1 жолудан зачеттук сабак өтүшөт. | | | |
| | **Класстан сырткаркы иш чаралар.** | 1.Класстан тышкаркы сабактар боюнча план-иштелмелерди жазгыла;<br>2.Тандап алган сабактар боюнча видеоролик, даярдагыла;<br>3.Видеосабактарды өз ара талкуулагыла жана анализ бергиле.<br>4.23-сентябрь Мамлекеттик тил күнүнө,1-октябрь Карыялар күнүнө, 5-октябрь Ош шаарынын күнүнө, октябрь айынын 1-жумасында МУГАЛИМДЕР күнүнө карата бөлүнгөн класс үчүн майрамдык көңүл ачуунун сценарийин жазгыла. | 3 | 27 | 20 |
| | **Класс жетекчинин ДМЧ балдар менен иш алып баруусу**. | 1.Группада ДМЧ балдар катталганбы, эгер болсо, алар менен иштөө кандай пландаштырылган?<br>2.Класс жетекчинин пландарында негизги милдеттердин бири катары балдардын кебин өстүрүү жана инсандык сапаттарын калыптандыруу (тарбиялоо) кандайча пландаштырылган?<br>3.Класстагы мүмкүнчүлүгү чектелген окуучу менен жекече иш алып баруу. | **1** | **7** | **7** |
| | Педагогикалык практиканын жыйынтыгы (жооптуу усулчулар) | 1. Педагогикалык практиканын жыйынтыгы боюнча тиешелүү иш кагаздарын топтоп жана тапшыруу.<br>2.Бөлүнгөн класска өтүлүүчү бардык сабактар боюнча бирден план-иштелмени даярдагыла жана класс жетекчи, методисттерге тапшыргыла.<br>3Айлык планга ылайык даярдалган сабакты методисттерге тапшыргыла.<br>4.Өз ара даярдаган сабактарга анализ жазгыла. | 1 | 8 | 5 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | 5.Күндөлүктөгү түзүлгөн таблицаларды толтургула жана отчет жазгыла. | | | |
| | | **Баары:** | **20 күн**<br>**25 күн** | **210(7кр.)**<br>**240(8кр.)** | **60** |

**Тарбия иштери:**
-Мектептеги тарбиялык иштер жана алардын пландаштырылышы, уюштурулушу менен таанышышат;
-тарбиячынын, класс жетекчинин иш-пландары менен таанышышат, ага ылайык өзү жүргүзүүчү тарбиялык иш-чараларынын планын түзүшөт;
-окуучулардын курактык жана психологиялык өзгөчөлүгүн эске алуу менен адеп-ахлактык, эстетикалык, эмгек, кесипке багыт берүү жана башка тарбиялык иштерди өз алдынча жүргүзүүгө көнүгүшөт;
-психологиялык-педагогикалык ыкма, методдору колдонуп, окуучуларга жүрүш-турушу, сабакка катышуу-жетишүүсү жөнүндө мүнөздөмө берүүгө үйрөнүшөт;
-тарбиялык иштер боюнча зачеттук сааттарды, класстан тышкаркы иш-чараларды уюштурушат;
-мугалимдин, тарбиячынын милдеттерин, класстан тышкаркы иштерди уюштуруудагы ишмердүүлүктөрүнүн мазмунун, мүнөзүн үйрөнүшөт;
-мектептин ар түрдүү шарттарында класстан тышкаркы тарбиялык иштерди уюштуруунун өзгөчөлүктөрүн үйрөнүшөт;
-окуучулардын жаш жана жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен тарбиялоонун методдорун жана ыктарын үйрөнүшөт;
-класстан тышкаркы тарбиялык иштерди уюштуруунун формаларын туура тандоону үйрөнүшөт жана аны өткөрүшөт;
-мектептин окуу-материалдык базасы жана мектептин документтери менен таанышышат;
-класс жетекчи, башталгыч класстын мугалими, тарбиячы, педагогикалык коллектив менен таанышышат;
-ар түрдүү курактагы балдардын өсүшүнүн психоло-педагогикалык өзгөчөлүктөрүн үйрөнүшөт;
-мугалимге, тарбиячыга мектепте жана окуучулардын жашаган жерлеринде тарбиялык иштерди уюштурууга жардам беришет;
-ата-энелер менен иш алып барышат жана окуучулардын үйүндө болушат;
Коомдук иштер:
-Мектеп тарабынан өткөрүүчү коомдук иштерге активдүү катышышат;

-окуучулар коллективинде коомдук-саясий, тарбиялык иш-чараларды өткөрүү, республикабыздын азыркы учурдагы ички-тышкы абалы, жүргүзүп жаткан саясаты жөнүндө социалдык-экономикалык темадагы аңгемелерди, суроо-жооп кечелерин өткөрүү, алардын коомдук саясий аң сезиминин калыптанышына, өнүгүшүнө көмөк көрсөтүшөт;
-окуучуларга даталуу күндөргө, саясат, маданият, илим жаатындагы белгилүү инсандардын юбилейлерине карата иш чараларды өткөрүүгө жардамдашышат.

**Практиканын жүрүшүндө студенттер төмөндөгүдөй билгичтиктерге ээ болушу зарыл.**

-Мектептен жана класстан тышкаркы тарбиялык иштердин ар түрдүү формаларын байкоого жана анализдөөгө;
-класстагы окуучулардын жаш жана жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен тарбиялоонун милдеттерин аныктоого жана пландаштырууга;
-алдыдагы милдеттерди аткарууга окуучулар коллективинин уюштуруу (иштин жыйынтыгын чыгаруу, тарбиялоонун методдорун жана ыктарын эффективдүү тандоо жана пайдалануу);
-класс шартында окуучунун мүнөзүн үйрөнүү;
-класстан тышкаркы тарбиялык иштерди үйрөнүү (аңгемелешүү, класстык саат, майрам тосуу, класстык чогулуш, кино-театр, китеп, туулган күн, ар түрдүү жумалыктар ж.б.);
-окуучулардын коомдук пайдалуу жана өндүрүштүк эмгегин уюштуруу;
-мектепте окуучулардын спорттук ден соолукту чыңоочу, эс алуучу иштерин уюштуруу;
-балдардын, өспүрүмдөрдүн, жаштардын уюмдарынын иштери менен таанышуу;
-келечектеги кесипке байланышкан мектептеги ар түрдүү окуу-тарбиялык иштерге катышуу.
-предмет боюнча сабакты пландаштырууга, класска тарбиялык иш план түзүүгө жана аны өткөрүүгө;
-сабак өтүүнүн эң эффективдүү формаларын, методдорун жана ыктарын тандоого;
-окуу китептери, усулдук адабияттар менен иштей билүүгө;
-окутуунун техникалык каражаттарын, дидактикалык материалдарды, көргөзмө куралдарды, колдоно билүүгө;
-коомдук пайдалуу жана маданий массалык иштерди уюштурууга;
-сабактын план конспектисин, класстан тышкаркы тарбиялык иштердин сценарийлерин түзүүгө;
-сабакка керектүү көргөзмө куралдарды, дидактикалык материалдарды даярдоого;

-кенже мектеп жашындагы балдардын дене жана психологиялык жактан өнүгүүсүн эске алуу менен тарбиялоонун усулдарын жана ыктарын тандоого, колдонууга;
-окуучулардын техникалык чыгармачылыгын өнүктүрүү боюнча иштерди уюштурууга, кесипке багыт берүүгө саясий кругозорун өстүрүүгө;
-башталгыч класстын мугалиминин тарбиялык иш планы боюнча өз алдынча тарбиялык саат өтүүгө;
-педагогикалык практикада өткөн сабак, класстан тышкаркы тарбиялык иштер класс мугалими, методист, практиканттар менен биргеликте анализделет жана сабак өткөн практикантка баа коюлат.

## ПЕДАГОГИКАЛЫК ПРАКТИКАНЫН ЖҮРҮШҮН КӨЗӨМӨЛДӨӨ ЖАНА ЖЕТЕКЧИЛИК КЫЛУУ.

1. Педагогикалык практиканы уюуштуруу жана аны усулдук жетектөө индустриалдык-педагогикалык колледждин Гуманитардык-педагогикалык бөлүмдүн усулчулары тарабынан жүргүзүлөт.
2. Педагогикалык практиканын жүрүшүн көзөмөлдөө жана жетектөө цикл тарабынан сунушталып Ош мамлекттик университетинин ректорунун буйругу менен бекитилип практиканын жетекчисине жана ишкана тарабынан бекитилген жетекчиге бекитилет.

## ЦИКЛДАГЫ ПРАКТИКА БОЮНЧА ЖЕТЕКЧИНИН МИЛДЕТТЕРИ:

1. Ишкана тарабынан бекитилген практика боюнча жетекчиси менен биргеликте жалпы тайпа үчүн же ар бир студент үчүн практиканы өтөө боюнча календардык тематикалык иш планын түзүү.
2. Ишканада студент-практикант иш орду менен камсыздалышын көзөмөлгө алып, бекитилген график боюнча студенттерден кабар алып туруу.
3. Студент-практиканттарга практика өтүү боюнча жана күндөлүктү толтуруу боюнча кеңеш берүү.
4. Студент-практиканттардын эмгек тартибин сактоосун, календардык тематикалык пландардын аткарылышын көзөмөлдөө.
5. Циклдын иш планынын негизинде ишканадан бекитилген жетекчиси менен биргеликте циклдын отрумунда студенттердин окуу-өндүрүштүк практиканы өтүүсү боюнча маалымат берүү.
6. Студенттердин окуу-өндүрүштүк практика боюнча жазган отчетторун кабыл алуу.

## ИШКАНА ТАРАБЫНАН БЕКИТИЛГЕН ПРАКТИКА ЖЕТЕКЧИСИНИН МИЛДЕТТЕРИ:

1. Колледждеги практика боюнча жетекчиси менен биргеликте жалпы тайпа үчүн практиканы өтүү боюнча календардык тематикалык иш планын түзүү.
2. Студент тарабынан календардык-тематикалык иш планды жогорку деңгээлде жана өз убагында аткарышы үчүн аны практика өтүү жайы, негизги иш кагаздар, компьютер жана программалык жабдылыш менен камсыз кылуу.
3. Студенттин күндөлүгүнө жазган маалыматтарын, ишканада кылган иштери менен салыштыруу жана текшерүү.
4. Студентке техникалык коопсуздук боюнча көрсөтмө берүү, студенттин эмгек тартибин сактоосун көзөмөлдөө.
5. Студент-практиканттын практика өтүү учурунда эмгек тартибин бузган болсо циклга берүү.
6. Студен окуу-өндүрүштүк практикасы боюнча отчет түзүүдө керектүү малыматтарды топтоодо жардам берүү.
7. Практика өтүү мезгилинде студенттин аткарган иштеринин сапатын көзөмөлдөп жана отчет жазуу үчүн керектүү материалдар менен камсыз кылуу.
8. Практиканын аягында студентке жазуу түрүндө мүнөздө берүү.

## ПРАКТИКА УБАГЫНДА СТУДЕНТТИН МИЛДЕТИ:

1. Практикага бөлүнгөн мөөнөттү мүмкүн болушунча ишкердүү колдонуп, практиканын жетекчиси койгон жана практиканын программасында көрсөтүлгөн тапшырмаларды толугу менен сапаттуу аткаруу.
2. Маалыматтардын коопсуздугун сактоо боюнча ишкананын нормативдик-укуктук актыларынын талаптарын аткаруу.
3. Практиканы өтүүнүүн негизи болгон ишкананын ички тартибине баш ийүү.
4. Практиканын программасына ылайык ишкана тарабынан бекитилген практика жетекчиси менен биргеликте жумалык жекече иш планын макылдашуу.
5. Аткарып жаткан иш орундун, милдеттерин жана бекитилген иш планды так аткаруу.
6. Күндөлүккө күн сайын жазууларды жүргүзүү жана жетекчинин колун койдуруу менен тастыктоо.
7. Колледжден бекитилген практика жетекчисине практиканы өтүп жаткандыгы тууралуу жумасына бир жолуу маалымат берип туруу.
8. Практика өтөө учурунда техникалык коопсуздук эрежелерди сактоо.
9. Педагогикалык практиканын аягында практика өткөн ишканадан жазуу түрүндө ишканадагы жетекчисинин колу коюлуп, мөөрү басылган мүнөздөмө алуу.

10. Практиканын аягында студент-практикант практиканы өткөндүгү тууралуу күндөлүк-отчетту көрсөтүлгөн график боюнча циклга тапшыруу.

**БААЛОО КРИТЕРИЙИ**

| № | Аткарылган иштердин аталышы | Максималдуу балл |
|---|---|---|
| **1** | Педагогикалык практикада берилген тапшырмалар үчүн | 60 |
| **2** | Практиканын жыйынтыгы боюнча даярдалган отчетту презентация кылуу | 20 |
| **3** | Практика өтөгөн жердеги билим берүү мекемесиндеги жетекчисинин берген мүнөздөмөсүнө | 10 |
| **4** | Берилген тапшырмалардан тышкары аткарган иштери үчүн | 10 |
| | **Баары** | **100** |

**87 – 100 балл – «Эң жакшы» - 5**
**74 – 86 балл – «Жакшы» - 4**
**61 – 73 балл – «Канааттандырарлык» - 3**
**0 – 60 баллов – «Канааттандырарлык эмес» - 2**

**СТУДЕНТТЕРДИН БИЛИМИН БААЛООНУН КРИТЕРИЙЛЕРИ**

Сынакта жана сыноодо билимди баалоо 100 баллдык система менен жүргүзүлүп,төмөнкү эрежеге ылайык коюлат

| № | Балл | Баасы | Цифра менен |
|---|---|---|---|
| 1. | балл | Канааттандыраарлык эмес | |
| 2. | балл | Канааттандыраарлык | |
| 3. | балл | Жакшы | |
| 4. | -100 балл | Эң жакшы | |

Сынакта жана сыноодо бааны коюуда обьективдүүлүк жана акыйкаттуулук принциптеринин негизинде студентердин билиминин сапаты бардык тараптан анализденип практиканын отчетунун негизинде коюлат

КРнын ББжИ министрлигинин аракеттеги нормативдик актыларынын жана сунуштамаларынын негизинде педагогикалык багыттагы дисциплиналарда төмөндөгүдөй критерийлер менен коюлат:

| № | Баалоонун критерийлери | Упайы | Баасы |
|---|---|---|---|

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1. | Педагогикалык практиканынын бардык иш күндөрүн өткөргөн жана практикада берилген таппшырмаларды ар тараптан, системалык жана терең өздөштүргөндүгүн көрсөтө алган, программада каралган теориялык жана практикалык маселелерди эркин чыгара алган, жумушчу программада сунушталган негизги адабияттардан пайдаланып өз алдынча иштерди аткарган, кошумча адабияттар менен таанышып чыккан, окуу-программалык материалдарды түшүндүрүп берүүдө жана колдонууда чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн көрсөтө алган, дисциплинанын негизги түшүнүктөрүнүн өз ара байланышын терең түшүнө алган, окуп-үйрөнгөн билимдерин, ыкмаларын жана көндүмдөрүн келечектеги кесибинде колдоно ала турган студентке коюлат. | | |
| 2. | Педагогикалык практиканынын бардык иш күндөрүн өткөргөн жана практика учурунда аткарган иштер боюнча түшүнүгү кеңири, ага байланышкан мисалдарды так келтирет. Предметтер боюнча билими жогорку дэңгээлде жана көнүгүүлөрдү иштеп анализдейт. Теориялык билимдин негизин түшүнө алат жана өз оюн так, туура айтып талкуулай алат | | |
| 3. | Практика учурунда аткарган иштер боюнча түшүнүгү бар, ага байланышкан мисалдарды келтирүүдө кыйналат. Предметтер боюнча билим орто дэңгээлде жана көнүгүүлөрдү иштеп анализдөөдө кыйналат. Теориялык билимдин негизи боюнча түшүнүгү жетишсиз дэңгээлде жана өз оюн туура айтууда ишенбестик менен жооп берет | | |
| 4. | Практикан толук өткөрбөгөн жана практика учурунда аткарган иштер боюнча боюнча түшүнүгү бар, бирок аны айтып берүүдө жана мисалдарды келтирүүдө жооп бере албайт. Предмет боюнча билим денгээли төмөн теориялык жана практикалык билимди айкаштыра албайт, | | |

## СТУДЕНТТЕР ҮЧҮН СУНУШТАЛГАН АДАБИЯТТАР.


1. Акматов К. Класс жетекчинин китеби. - Б, 2017.

2. Акматов К. Таасирдүү тарбиялык сабак. - Б, 2016
3. Акматов К. Класс жетекчинин журналы. –Б.2017.
4. Апышев Б. Бабаев Д. Жоробеков Т. Педагогика. –Б., 2002. 245-270-б.
5. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технлогиясынын теориясы жана педагогикалык маселелери. –Б., 2004.
6. Бекбоев И., Алимбеков А. Азыркы сабакты даярдап өткөрүүнүн технологиясы..-Б.2011.
7. Дереклеева Н.И. Справочник классного руководителя. –М.2008.
8. Мамбетакунов Э. Сияев Т. Педагогиканын негиздери. –Б., 2008.

***Кошумча адабияттар:***

1. Амонашвили Ш.А.Воспитательная и образовательная функции оценки учения школьников –М.,1984.
2. Дереклеева Н.И. Мугалимдин сырдаш китеби. Которгондор: А.Насирдинов., Т.Өскөнбаев.Б.; 2014.
3. Мыкты мугалим. Которгон Тынчтыкбек Манас уулу., Сайкал Камут кызы Б.;2016.
4. Педагогикалык изденүү.Түзгөн И.Н.Баженова.-Ф., 1989.

5Сухомлинский В.А.Мугалимге жүз насаат.-Ф., 1983.

6”Идеалдуу мугалим болуунун сырлары”Б.2016 которгон К.Абдиев, К. Акматов

7. “Кыргызстандын мектептериндеги рэкетчиликтин алдын алуу” Б.2011А.Кызалакова

8, “Чыр – чатак жана аны чечүүнүн жолдору”Бишкек-2014Т.Матохина

9. “Ата – энелер сиздер үчүн” Г. Мадаминов Бишкек-2016